КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
КАРА-БУУРА РАЙОНУ
БЕЙШЕКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫ
БЕЙШЕКЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-БУУРИНСКИЙ РАЙОН
БЕЙШЕКЕНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
БЕЙШЕКЕНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ

## ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2023-жылдын 26-майы №2 Бейшеке айылы

АРИСтин "Айылдарды инвестициялоонун үчүнчү

долбоорунун алкагындагы кошумча каржылоо
(COVID-19га жооп кайтаруу боюнча)» КК АИД-3
долбоорундагы:

**"Бейшеке айылынын Т. Айтманбетов атындагы орто мектебинин терезелерин жана негизги эшиктерин алмаштыруу " жөнүндө**

КК АИД-3түн алкагында Бейшеке айылдык аймагында жүргүзүлгөн долбоордук иш-чаралар жөнүндө жана "Бейшкеке айылынын Т. Айтманбетов атындагы орто мектебинин терезелерин жана негизги эшиктерин алмаштыруу ири долбоор боюнча Бейшеке айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Барпыбеков жана Бейшеке айылдык аймагынын АКИА АКнын төрайымы Р. Урустемованын маалыматын карап жана талкуулап, ошондой эле 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" № 123 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, Бейшеке айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Бейшеке айылынын "Т. Айтманбетов орто мектебинин терезелерин жана негизги эшиктерин алмаштыруу" жөнүндө ири долбоорлор жалпы бюджети 4 998 895 (төрт миллион тогуз жүз токсон сегиз мин сегиз жүз токсон беш) сом, АИД-3 АРИСтин гранты 4 698000 сом өлчөмүндө бекитилсин.
2. "Бейшеке айылынын Т.Айтманбетов атындагы орто мектебинин терезелерин жана негизги эшиктерин алмаштыруу", Бейшеке айылдык аймагынын 2023-жылдын социалдык-экономикалык өнүгүү планына жана инвестициялык планга киргизилсин;
3. Ири долбоорлордо көрсөтүлгөн объектти техникалык тейлөөгө жана пайдаланууга жергиликтүү бюджеттен каралган чыгымдары бекитилсин;
4. Айыл өкмөтүнүн башчысы Р. Барпыбеков ири долбоорду (лордун) жана тиешелүү иш-кагаздардын АРИСке өз убагында берүүсүн камсыз кылсын;
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бейшеке айыл өкмөтүнүн башчысына жана Бейшеке АК бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **Женишбек уулу А.**